# Л.Н. ТОЛСТОЙ

## АҢГЕМЕЛЕР

www.bizdin.kg

# Л. Н. ТОЛСТОЙ

## АҢГЕМЕЛЕР



“МЕКТЕП” БАСМАСЫ
Фрунзе – 1978

www.bizdin.kg

**Р I**
**Т 53**

**ТОЛСТОЙ Л. Н.**

**Т 53** Аңгемелер. [Которгон Э. Долонов. [Жаштар үчүн]. Ф., «Мектеп», 1978 ©
220 бет.

Жыйнакка орустун улуу жазуучусунун аңгемелери киргизилди. Алар окуучулардын класстан тышкары окуусуна арналган.

Т $\frac{731-182}{M\,452(17)-78}$ 233– 78 **Р I**

Перевод осуществлен с издания: Собрание сочинений Т, Т. 10, 12, 14 государственное издательство художественной литературы — Москва, 1963—1964 г г., Избранные повести и рассказы Т. I — Государственное издательство художественной литературы — Москва., 1964 г.

© Перевод на киргизский язык. Издательство «Мектеп», 1978 г.

# ЭМНЕ ҮЧҮН?

1830-жылы пан Ячевскийдин Рожанкадагы укумдан тукумга өтүп келе жаткан имениесине маркум досунун жалгыз уулу жаш Иосиф Мигурский келди. Ячевский алтымыш бештеги, далылуу, жазы маңдай, кең көкүрөк анардай бетинде узун ак муруту бар чал, Полынаны экинчи ирет бөлүштүрүү мезгилинин патриоту. Ал улан кезинде Иосифтин атасы Мигурский менен бирге Костюшкин туусу астында кызмат кылган жана өзү айткандай, апокалипскалык, аягы суюк Екатерина экинчини жана анын чыккынчы, адамдын жүрөгүн айланткан көңүлдөшү Понятковскийди өзүнүн патриоттук жан дүйнөсүнүн бүткүл кудурети менен жек көргөн, жана да таңында күндүн кайра чыгарына кандай ишенсе, Посполито Речасынын кайра калыбына келишине ошондой ишенген. Он экинчи жылы ал өзү аздектеген Наполеондун войскаларында полкко командачылык кылган. Наполеондун өлүмү аны өкүттө калтырган, бирок бүлгүнгө учураса да баары бир Польша падышчалыгынын калыбына келишинен күмөн санаган эмес. Варшавада Александр биринчи тарабынан сеймдин ачылышы анын үмүтүнө үмүт кошту, бирок Ыйык Союз бүткүл европадагы реакция, Константиндин баш-аягы жок жасаган ой келди иши анын көксөгөн оюн кетенчиктетип артка тартты... Жыйырма бешинчи жылдан тартып Ячевский кыштакка көчүп келди да, эч жакка чыкпай, өзүнүн Рожанкасында жата берди, чарба менен ирешет, аң уулайт, газета жана келген каттарды окупт, алар аркылуу өз мекенинде болуп жаткан саясий окуяларга кызуу көз салып турду. Экинчи аялы жарды, сулуу шляхта, бирок мунусу бактысыз нике болду. Ал өзүнүн ушул экинчи аялын сүйүүчү да, сыйлоочу да эмес, андан тажап жүрдү, адам ордуна көрбөдү, экинчи ирет үйлөнөм деп жүрүп кетирген каталыгынын эсесин андан чыгармакчы болгонсуп, орой мамиле жасайт. Кийинки аялы төрөбөдү. Мурдакы аялынан эки кыз бар: улуусу Ванда, өз наркын өзү билген, элет турмушуна көөнү тойбой, зеригип жүргөн ашкан сулуу кыз, кичүүсү Альбина, атанын сүймөнчүгү, ак саргыл чачы тармалданып, атасыныкына окшогон бакырайган көзү жайнап турган, ойноок, сөөк-саактуу кыз. Иосиф Мигурский келгенде Альбина он беш жашта болучу. Мигурский мурда, студент кезинде да Ячевскийдин Вильнодогу кышкы үйүнө барып, Ванданы тооруп жүрүүчү, эми болсо эрезеге жеткен, эркин адам катары алардын кыштагына алгач ирет келип олтурат. Жаш Мигурскийдин келгенине Рожанканын бүткүл калкы жетине алышпады. Юзену көргөндө досу Мигурскийди көргөндөй кудуңдады карыя, ооба ал кезде экөө тең дал ушул Юзего окшогон солкулдаган жигиттер эле да, анан ал чет өлкөдө жүрүп, жакында эле кайткандыгын революциянын Польшада гана эмес, ал жакта да көбүрүп-жабыра баштагандыгын кызуулана отуруп, кадиксиз үмүттү бетке кармай олтуруп аңгемелеп бергенине жетине албады. Пан Ячевская Мигурский келгени Ячевский карыянын меймандардын алдында өзүн токтоо тута баштаганына, адатынча арзыбаган иш үчүн андан жеме укпай калганына кубанды. Ванда болсо Мигурский, сөзсүз мен үчүн келди, сөз айттыра турган кейпи бар деп кудуңдады. Ал макулдук берүүгө, камданды, бирок өз ичинде: lui fenir la bragee haufe[1] ниеттенди. Элдин кубанганын көрүп, Альбина да кубанды. Мигурскийдин сөз айттырмак болуп келгенине кадиксиз ынанган жалгыз гана Ванда эмес. Ачык айтышпагандыктары менен, Ячевский карыядан тартып, няня Лудвикага чейин үйдөгүлөрдүн бардыгы ушинтип ойлошту.

Ырас эле ошондой болучу. Мигурский ушундай ниет менен келген, бирок бир жума турду да, оңтойсуздангансып, бир нерсеге кыжаалаттангансып сөз айттырбай жүрүп кетти. Күтүлбөгөн бул окуяга бардыгы айран таң болушту, анын себебин Альбинадан башка эч жан түшүнбөдү, анткени ага себепкер Альбинанын өзү болгон.

Рожанкадан кетер-кеткиче Мигурскийдин делебеси өзгөчө козголуп, Альбинага гана шайыр мамиле жасап жүрдү, муну кыз да байкады. Мигурский аны жаш бала катары көрөт, тамашалайт, кыжырына тиет, бирок анын бул мамилеси эрезеге жеткен адамдын балага

[1] Муну баалай жүрсүн үчүн аны кыйноого (франц.)

жасаган мамилеси эмес, эркектин аялга жасаган мамилеси экендигин Альбина аял заттык сезими менен баамдады. Аны кыз кумарлуу көз караштан, жароокер жылмаюудан көргөн, кыз бөлмөгө кирип келе жатканда ал ошол кумарлуу көз караш менен жароокер жылмая тосуп алат да, кайра чыгып бара жатканда дал ошол калыбында узатып кала берет. Мунун эмне экендигин кыз ачык түшүнө албады, бирок бул мамиле кыздын көңүлүн көтөрдү, ошентип ал Мигурскийге жаккандарды гана жасоого аргасыздан умтулчу болду. Кыз эмнелерди гана жасабасын ага бардыгы жагат. Ошондуктан ал олтурган жерде кыз кайсы гана ишти болбосун, бардыгын өзгөчө эргүү менен жасайт. Ага кыздын чуркап жүрүп тамылжып кызарган бетин тик тура калып жалмалагылаган татынакай тайганы менен жарышып ойногону жакты; кымындай эле шылтоо табыла калса боору калбай шаңкылдап күлгөнү жакты; көздөрү тыйылбай көңүлдөй берсе да, ксендздун зериктирме сабагынын убагында олуттуу олтурганы жакты; бир элестен экинчи элеске көз ачып-жумганча өтүү менен бирде карт няняны, бирде мас кошунаны, бирде анан өзүн, — Мигурскийди ушунчалык ишенимдүү жана комизмдүү туурагандыгы жакты. Негизинен анын турмуштун бүткүл аземин чыпчыргасын коротпой, азыр гана туйгансыган жана да андан толук пайдаланып калууга ашыккансыган шатыраң-шатмандыгы жакты. Ооба ага кыздын өзгөчөлөнүп турган шатыра-шатмандыгы жакты, ал эми бул шатыра-шатмандык аны суктандыра тургандыгын кыз сезген сайын ал сапат козголо да, күчөй да берди. Мигурскийдин Вандага сөз айттырмакчы болуп келип, бирок унчукпай кайра кетип калгандыгынын жөнүн жалгыз Альбина ошондон улам билет. Муну кимдир бирөөгө айтууга бел байлай албагандыгы, муну өзүнө да ачык айтпагандыгы менен, Мигурскийдин Ванданы сүймөкчү болуп келип, өзүн сүйүп калганын Альбина жүрөгүнүн тереңинде сезди. Нары акылдуу, нары билимдүү, нары сулуу Вандага салыштырганда Альбина өзүн санда жок адам катары санап, буга аябай таңданды, бирок анын ушундай экендигин билбей, жана да ага кубанбай коё албады, анткени өзү Мигурскийди жанынын бардыгынча сүйүп калды, болгондо да адам алгач ирет жана өмүрүндө бир гана жолу кандай сүйсө, дал ошондой сүйдү.

## II

Жайдын акырында газеталар Париж революциясы жөнүндөгү кабарды алып келишти. Алардын соңунан Варшавада даярдалып жаткан баш-аламандыктар жөнүндөгү кабарлар келе баштады. Ячевский үрөйү уча, үмүткөр боло олтуруп Константиндин өлтүрүлүшү жана революциянын башталышы жөнүндөгү кабарды күн сайын почтадан күтөт. Акыры ноябрда Рожанкага адегенде бельведерге кол салуулар туурасындагы, Константин Павловичтин качып кеткендиги жагдайындагы, анан сейм Романовдордун династиясы польшалык тактыдан ажыратылды, Хлопский диктатор болуп жарыяланып, поляк эли кайра эркиндикке чыкты деп жарыялангандыгы жөнүндөгү кабарлар келе баштады.

Көтөрүлүш азырынча Рожанкага жете элек, бирок анда жашагандар анын жүрүшүнө көз салып турушту, бизге да жетет дешип, даярдык көрө башташты. Ячевский карыя өзүнүн эски таанышы, көтөрүлүштүн башчыларынын бири менен кат алышып турду, купуя сыр каткан еврей-факторлорду чарбалык эмес, революциялык иш боюнча кабыл алып турду, анан мезгил жеткенде көтөрүлүшкө кошулууга камданды. Пани Ячевская күйөөсүнүн материалдык ыңгайлуулуктары жөнүндө демейдегисинен да артыгыраак кам көрдү, адатынча, мунусу күйөөсүнүн кыжырын улам көбүрөөк кайната баштады. Ушуну сатып, акчасын революциялык комитетке бергин деп Ванда өзүнүн бриллианттарын Варшавадагы курбу кызына жөнөттү. Альбинанын эс-дарты Мигурскийде болду. Дворницкийдин отрядына киргендигин атасынан угуп, ал отряд жөнүндө толугураак билүүгө аракеттенди. Мигурский эки ирет кат жазды: биринчисинде войскага киргендигин билдирди, экинчи жолкусунда, февралдын орто ченинде, Стачектин алдындагы поляктардын жеңиши, анда алты орустун туткунга түшүп, куралдарын олжолонгондугу жөнүндө кубана олтуруп жазган болучу. «Zwycietwo Polakow i kleska Mockali!

Wiwat!»[1] деп бүтүрүптүр катты. Альбинанын кубанычы койнуна батпай жүрдү. Ал картаны карайт, москалдардын кайсы жерде жана качан жеңилүүгө тийиш экендигин эсептейт, жана почтодон келген пакеттерди атасы жай баракат ача баштаган кезде кубарып да, калчылдап да кетет. Күндөрдүн биринде өгөй энеси кирип келсе, ал бөлмөсүндөгү күзгүнүн маңдайында панталончон жана конфедераткачан туруптур. Альбина эркекче кийинип алып, поляк войскасына кошулуу үчүн үйүнөн качууга камданып жаткан экен. Өгөй эне атасына айтып барды. Ата кызын өз бөлмөсүнө чакыртып алып, ага бир жагынан боору ооруп, экинчи жагынан анын бул кылыгына суктанып турса да, сыр алдырбай, согушка катышам деген жарабаган кебиңди экинчи кулагым укпасын деп, катуу сүйлөндү. «Аялдардын иши бөлөк: мекен үчүн жанын аябагандарды сүйүп, алардын көңүлүн жубатуу» — деди кызына. Кызы эми ага кубаныч алып келип, көңүлүн жубатуу үчүн керек, ал эми убакыт жеткенде ал күйөөсүнө дал ошондой керек болот. Ал кызына кандайча таасир кылууну биле турган. Ал мен жалгызмын, бактысызмын деп ишара кылды да кызын өөп койду. Кыз көз жашын жашырмай болуп, атасынын көкүрөгүнө бетин катты, баары бир атасынын халатынын жеңи суу болуп кетти, ошентип андан макулдук сурабай туруп, эч качан өз бет алдынча иш кылбоого убада берди.

## III

Польша экиге бөлүнгөндөн жана бир бөлүгү жек көрүмчү немецтердин, экинчи бөлүгү андан да ашкан шүмшүк москалдардын бийлигине өткөндөн кийинки поляктар көргөн күндү башынан өткөргөн адамдар гана өлкөнү бошотуу үчүн мурда жасалган бактысыз аракеттерден кийинки боштондукка чыгаруунун жаңы үмүтү ишке ашырылуучудай болуп көрүнгөн отузунчу жана отуз биринчи жылдардагы поляктардын ошол кубанычтарын түшүнө алышмак. Бирок бул үмүт узакка созулбады. Күчтөр өтө эле теңдешсиз болучу, ошентип, революция кайрадан басылып ташталды. Дагы да бейкүнөө жазага кириптер болушкан ондогон миң орус адамдары Польшага айдалып келишти да, бирде Дибичтин, бирде Поскевичтин жана да жогорку башкаруучу Николай биринчинин жетекчилиги астында, муну эмне үчүн жасап жаткандыктарын өзүлөрү да түшүнбөй, жерди өзүлөрүнүн жана поляк боордошторунун кандарына кандыра сугаруу менен, аларды басып салышты, поляктарга эркиндикти да каалабай, биротоло басып да салбай, бир гана нерсени — өзүнүн керт башынын жыргалчылыгын жана атак-даңкты көздөгөн жүүнү бош, кунарсыз адамдардын колдоруна аларды кайрадан салып беришти.

Варшава алынды, айрым отряддар талкаланды. Жүздөгөн, миңдеген адамдар атылды, таяк жешти, айдалып жиберилди. Айдалып жиберилгендердин арасында жаш Мигурский да бар. Имениеси конфискацияланып, өзү болсо Уральскидеги линиялык батальонго солдаттыкка жиберилди.

Отуз биринчи жылдан кийин жүрөк оорудан жапа чегип жүргөн чалдын саламаттыгына карап, Ячевскийлер 1932-жылы кышында Вильнеде жашашты. Бул жерге Мигурскийдин крепосттон жазган каты келди. Катында башымдан өткөргөндөрүм жана алдыда күтүп тургандар мен үчүн канчалык оор болсо да, мекен үчүн жапа чеккениме кубанам, өмүрүмдүн бир бөлүгү кеткен ошол ыйык иштен үмүт үзбөйм жана өмүрүмдүн калган бөлүгүн да ага берүүгө даярмын, эгерде эртең мүмкүнчүлүк пайда боло калса, ишти дал ошондой баштаймын деп жазыптыр. Катты угуза окуп олтуруп, ушул жерине келгенде чал шолоктоп ыйлап жиберди, далайга дейре катты улантып окуй албады. Каттын калган бөлүгүн Ванда угуза окуду. Мигурский акыркы жолку *келишимдеги каалоолорум менен тилектерим кандай гана болсо да*, алар бүткүл өмүрүмдө түбөлүккө жаркыраган чекит бойдон кала берет, азыр алар тууралуу айта да албайм жана айткым да келбейт деп жазыптыр.

[1] Жашасын поляктар, москалдарга өлүм! Ура! (полякча).

Бул сөздөрдүн маанисин Ванда менен Альбинанын ар кимиси ар башка түшүнүштү, бирок кандайча түшүнгөндүктөрүн эч кимге айтышпады. Мигурский катынын соңунда бардыгына салам-дуба жибериптир, айтмакчы алардыкында жүргөндө Альбинага оюн-чындап кандай кайрылса, катында да оюн-чындап, баягыдай, эле тайганың менен жарышып ойноп жүрөсүңбү, ар кимди дал өзүндөй кылып тууpаганыңды коё элексиңби, деп сурап жазыптыр. Ал эми чалга ден соолукту, энеге чарбачылык иштеги ийгиликтерди, Вандага татыктуу күйөөнү жана Альбинага ошол эле шатыра-шатман өмүрдүн улантылышын каалаптыр.

## IV

Ячевский карыянын ден соолугу күн санап начарлай берди, 1833-жылы бүткүл үй-бүлө чет өлкөгө көчүп кетти. Ванда Баденадан польшалык бай эмигрантка турмушка чыкты. Чалдын ооруусу тез күчөдү да 1833-жылдын баш жагында чет өлкөдө Альбинанын колунда дүйнөдөн кайтты. Ооруп жатканда аялын жанына жакын жолотподу, ага үйлөнөм деп кетирген каталыгы үчүн аялын өмүрүнүн акыркы минутасына чейин кечирбеди. Пани Ячевская Альбинаны алып, кыштакка кайтып келди. Альбинанын турмушунун башкы кызыкчылыгы Мигурский болду. Анын көзүнө Мигурский теңдешсиз баатыр жана азаптуу адам катары көрүндү, анын кызматына өз өмүрүн арноону чечти. Чет мамлекетке кете электе эле аны менен кат жазыша баштаган, адегенде атасынын тапшырмасы боюнча, анан өз алдынча жаза баштаган. Атасы өлүп, Россияга кайра келишкенден кийин да аны менен кат жазышып жүрдү, ал эми он сегиз жаштан өткөндөн кийин өгөй энесине Уральскидеги Мигурскийге барып, ошо жерде ага турмушка чыкмакчы болгондугун айтты. Бай кызды алдап чакырып алып, аны өз бактысыздыгына ортоктош кылмакчы да, оор абалын эгоисттик менен жеңилдетмекчи экен го деп Мигурскийди жемелей баштады. Энеге Альбинанын ачуусу келе түштү да, өз эли үчүн бардыгынан кечкен адамга мындай ыплас сөз илештирүү жалгыз гана сенин колуңдан келет, Мигурский, тескерисинче, менин берген жардамымдан баш тарткан, айтканымдан кайтпаймын — барамын да, ага турмушка чыгам, эгерде ал мага ошол бакытты ыраа көрө турган болсо, деп өгөй энесине кесе айтты. Альбина бойго жеткен кыз, анан маркум таякеси эки жээниме деп калтырып кеткен отуз миң злотыйы бар.

Альбина 1833-жылдын ноябрында үйүндөгүлөр менен кош айтышты, өлүмгө кетип бара жаткансып, аны алыскы, варвардык Московиенин кулак угуп көз көрбөгөн крайына ый менен узатышты, ак ниет карт няня Лудвиканы кошо ала кетмек болду, алыскы жолго деп жаңыдан оңдолгон атасынын арабасына түшүштү да, жөнөп кетишти.

## V

Мигурский казармада эмес, өзүнүн квартирасында жашай турган. Николай Павлович чининен ажыратылган поляктар солдаттык катаал турмуштун бүткүл оорчулугун гана көтөрбөстөн, ошол кезде катардагы солдаттар кириптер болуп жатышкан бардык кордоолорго чыдашсын деп талап кылды. Бирок бул буйрукту аткарууга тийиш болгон ошол карапайым адамдардын көпчүлүгү чининен ажыратылгандардын абалынын бүт оорчулугун түшүнүштү да, анын эркин орундатпай коюунун коркунучуна карабай, мүмкүн болгон жерлерде, аны аткарбай коюшту. Мигурский катталган ошол батальондун чала сабат, солдат болуп жүрүп көтөрүлгөн командири, мурдакы бай, билимдүү, бардыгынан кол жууган жаш жигиттин абалын түшүнүп, ага боору ооруду, сыйлады, ар кандай жеңилдиктерди берди. Шишимек тарткан солдаттык бетинде ак бакенбардалары бар подполковниктин жасап жүргөн жакшылыктарын Мигурский да баалабай коё албады, анын өтөлүнө чыкмак болуп, подполковниктин корпуска даярданып жүрүшкөн балдарына математиканы жана француз тилин үйрөтүүгө макулдугун берди.

Мигурскийдин Уральскидеги жетинчи айга созулган турмушу бир түрдүү, кайгылуу жана

буулуктурма гана түгүл, оор да болду. Анын айдалып келип, бул жерде балык сатып күн көргөн, сабаты азыраак, түлкүдөй жойлогон, жагымсыз бир поляк таанышынан бөлөк эч кимиси жок, ал эми батальондук командирден болсо оолагыраак жүргүсү келет. Мигурскийдин турмушунун башка кыйынчылыгы — анын муктаждыкка көнө албагандыгында болду. Имениеси конфискацияланганда кийин жанында калган алтын буюмдарын сатып, эптеп күн көрүп жүрдү.

Сүргүнгө айдалгандан кийинки турмушунун жападан-жалгыз жана зор кубанычы Альбина менен жазышкан каттары болду, Рожанкага барганда жүрөгүнө уялаган ал жөнүндөгү поэтикалуу, сүйкүмдүү элес эми минтип сүргүндө жүргөндө күндөн-күнгө сүйкүмдүү тартып, күчөй баштады. Альбина өзүнүн алгачкы жазган каттарынын биринде анын баягыда келген катындагы: «Каалоолорум менен тилектерим кандай гана болсо да» деген сөздөрүнүн мааниси эмнеде экендигин сураган эле. Анда ал минтип жооп жазды: менин тилегим сизди аялым деп атоо болгондугун азыр мойнума ала алам. Альбина болсо сизди сүйөм деп жооп кайтарды. Мигурский муну жазбай койсоңуз болмок экен, анткени анын азыр да ишке ашпай калышы мүмкүн экендигин ойлосом каңырыгым түтөй түшөт деп жооп жазды. Кыз болсо эч качан күдөрүңүздү үзбөңүз, сөзсүз ишке ашат, деп кат жөнөттү. Мигурский өзүнүн катында сиз тобокелге салбаңыз, менин азыркы абалымда ал мүмкүн эмес деп жазды. Ушул кат жазылгандан көп узабай ага эки миң злотых акча келди. Штемпелинен жана жазуусунан улам мунун Альбинадан экенин баамдады, алгачкы каттарынын биринде өзүнө керектүүлөрдүн бардыгын,— чай, тамеки, ал гана тургай китепке да акчаны окуткан сабактары аркылуу табуу менен, башынан өткөрүп жаткан ырахатын оюн-чындан олтуруп сүрөттөн жазганы эсине түштү. Акчаны башка конвертке салды да, кайра жөнөтүп жиберди, ортобуздагы ыйык мамилени акча менен бузбасаңыз экен деп өтүндү андан. Менде баардыгы бар, деп жазды, сиздей досумдун бар экендигин билип, бакытка балкыдым. Мына ушундан кийин экөөнүн ортосундагы кат жазышуулар токтоп калды.

Ноябрда Мигурский балдарга сабак берип, подполковниктин үйүндө олтурган, аңгыча жакындап келе жаткан почтолук жылаажындын үнү угулду, кышкы аязда карды кычырата жиреген чана эшиктин алдына келип токтоду. Ким келгенин билмек болушуп, балдар сыртка чуркап чыгышты. Мигурский балдардын кайра келишин күтүп, эшикти улам карап коюп бөлмөдө олтура берди, бөлмөгө подполковниктин аялы кирди.

— Сизге, «пан», кандайдыр бир айымдар келишти, сизди сурашат,— деди ал. — Калыбы, сиз тараптан болушса керек, поляктар окшойт.

Эгерде Мигурскийден сизге Альбинанын келиши мүмкүнбү деп сурай турган болсоңуз, анда ал ойго келбей турган жумуш деп айтмак; бирок көңүлүнүн тереңинде күткөн аны. Жүрөгү жарылып кете жаздады, деми кыстыкты, оозгу бөлмөгө чуркап чыкты. Анда семиз чаар аял башынан жоолугун алып, экинчи аял подполковниктин квартирасына кирип бара жатыптыр. Адамдын баскан дабышын угуп, кылчайып артын карады. Капордун астынан Альбинанын кирпиктерин бубак баскан, кубанычтуу, бакыракай, жалтылдаган көк көздөрү көрүндү. Ал дал боло түштү, аны кандайча каршы алууну, кандайча саламдашууну билбеди. «Юзе!»— деп кыйкырып жиберди (аны атасы жана ичинде өзү да ушинтип атай турган), эки колдоп мойнунан кучактады, сууктан улам кызарып чыккан бетин анын бетине басып, каткырып күлдү, анан ыйлап кирди.

Альбинанын ким экенин жана анын эмне үчүн келгенин билген соң подполковниктин кайрымдуу аялы аны кабыл алып, үйлөнүү тойлору болгончо өз үйүнөн орун берди.

## VI

Адамгерчиликтүү подполковник чуркап жүрүп, жогорку төбөлдөрдөн уруксат алып берди. Оренбургдан ксендз чакыртып келип, Мигурскийлердин никесин кыйдырды.

Батальондун командиринин аялы өкүл эне, сүргүндө жүргөн поляк Бржизовский күйөө жолдош болду, окуучуларынын бири иконду көтөрүп жүрдү.

Мунун канчалык ороскол көрүнүшү мүмкүн болгону менен, Альбина өз күйөөсүн берилип сүйө турган, бирок кулк-мүнөзүн таптакыр билүүчү эмес. Аны менен жаңы эле таанышып олтурат. Альбинанын тигил же бул материалдык формасы бар тирүү адамдан өз кыялында сактап жана өстүргөн образда жок көптөгөн кадыресе жана поэтикалуу эмес нерселерди тапкандыгы, анткени менен, ал тигил же бул материалдык формасы бар адам болгондуктан гана андан ошол абстракттуу образда жок көптөгөн жөнөкөй, жакшы нерселерди тапкандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Альбина тааныштарынан жана досторунан анын согуштагы эрдиктери жөнүндө уккан, мал-мүлкүнөн кол жууп, эркинен ажыраган кездеги кайратын билүүчү, ошондон улам аны ар качан кол жеткис баатырдык турмушта жашаган эр адам катары элестетүүчү, бирок чынында эле ашып-ташыган күч-кубаты жана кайраты туруп, ал мамыраган жоош козу, тамашасы орундуу баягы балалык жылмаюусу кетпеген оозунун тегерегин ак саргыл сакал жана Рожанкага келгенде эле азем көрүнгөн муруттар баскан, кийин кош бойлуу болгон кезинде аялын аябай кыйнаган канжасы бар жеткен жөнөкөй адам.

Мигурский да Альбинаны жана Альбина аркылуу аял затын азыр гана билди. Үйлөнгөнгө чейинки билгсн аялдары аркылуу аялды биле алмак эмес ал. Жалпы эле аялдардагыдай Альбинадан билгендери аны таң калтырды жана эгерде Альбина катары Альбинага карата өзгөчө назик жана асыл сезимди сезбей турган болсо, анда жалпы эле аялдардагылар аны иренжитип коюшу кадиксиз болучу. Альбинага карата, жалпы эле аялдарга карата жасаган сыяктуу эле, жароокер, бир аз ирониялуу мээримдүүлүктү сезди. Альбина катары Альбинага карата назик сүйүүнү гана эмес, Альбинанын ага беймээнет бактыны алып келген тобокелдик жумушуна суктанды жана анын акыбетин эч нерсе менен кайтарууга мүмкүн эместигин баамдады.

Бири-бирине деген сүйүүлөрүнүн бүткүл кудурети Мигурскийлерге бакыт алып келди, алар бөтөн элдин ичинде өзүлөрүн кышында адашып калып үшүгөн жана бирин-бири жылыткан адамдардай сезишти. Мигурскийдин турмуштарынын кубанычтуу болушуна өзүнүн панюсасына жан-дили менен кулча берилген, күңкүлдөгөнү менен бейзыян, куудул, эркек бүткөндүн баарын сүйгөн Лудвика да аралжы болду. Мигурскийлерге балдары да бакыт алып келишти. Бир жылдан кийин эркек бала төрөдү. Бир жарым жылдан кийин кыздуу болушту. Бала энесине союп каптап койгондой окшош: көздөрү, учкаяктыгы да, грациясы да кудум энесиники. Кыз болпоюп татынакай.

Мигурскийлердин бактысыздыгы мекенинен алыс жүргөндүгүндө, эң башкысы, мурда баштарынан өткөрбөгөн кемсинтүүчү абалдарынын оордугунда болду. Ушул кемсинтүүлөрдөн өзгөчө Альбина жапа чегип жүрдү. Анын Юзесу, баатыр, адамдын идеалы көрүнгөн эле офицердин алдында какайып турууга, колуна мылтык кармап, машыгууга, күзөткө барууга кыңк этпей моюн сунууга тийиш.

Мындан тышкары, Польшадан өтө кайгылуу кабарлар келип турду. Жакын тууган-туушкандары, жоро-жолдошторy негизинен же сүргүнгө айдалышкан, же бардыгынан ажырап, чет өлкөлөргө качышкан. Мигурскийлердин өзүлөрү болсо бул абалдан кутулар баштары жок. Кечирим бергиле же кур дегенде абалыбызды жакшырткыла, офицер кылып которгула деп далай жерге өтүнүч менен кайрылды, бирок андан эчтеке чыкпады. Николай Павлович кароолорду, параддарды, машыгууларды өткөрдү, маскараддан маскарадга барды, маска кийген айымдар менен кылтыңдашып, көңүл ачты, элди коркутту, ат зоруктуруп, Россияны кыдырды, Чугуевден чыгып, Новороссийскийди, Петербургду жана Москваны карай бейоопа чабагандады, ал эми кандайдыр бир эр көкүрөк адам: өзүңүз деле даңазалаган мекенге болгон чыныгы сүйүү үчүн сүргүндө жүргөн декабристтердин же поляктардын күнөөлөрүн жеңилдетсеңиз кантет деп айтууга бел байлай турган болсо, анда ал көкүрөгүн керип, өзүнүн бопбоз суз көздөрү менен бет келген нерсени теше тиктеп туруп: «Тим кой, кызмат өтөй

беришсин. Али эрте», деп айтат, тим эле качан эрте болбой турганын, убакыт качан жетерин билип койгон адамча. Жанжөкөрлөрү: аны жандап жүрүп күн көргөн генералдар, камергерлер жана алардын аялдары ушул улуу адамдын укмуштуудай көрөгөчтүгүнө жана даанышмандыгына боорлору элжирейт.

Жалпысынан алганда, Мигурскийлердин турмуштарында канткен менен бактысыздыкка караганда бакыт көбүрөөк болчу.

Алар ушундайча беш жыл жашашты. Бирок күтүлбөгөн жерден ойдо жок кабарга кайыштырган кайгыга кабылышты. Адегенде кыз, эки күндөн кийин бала ооруду: үч күнү күйүп-жанып, от менен от болуп жатты, дарылоого врач табылбай, төртүнчү күнү көз жумду. Андан эки күндөн кийин кыз да өлдү.

Альбинанын Уралга чөгүп өлгүсү да келди, бирок өз өмүрүн өзү кыйгандыгын укканда күйөөсүнүн кандай абалда кала тургандыгын үрөй учура олтуруп көз алдына элестеткендиги үчүн гана бул оюнан кайра кайтты. Бирок жашоо ага оор болду. Демейдеги ишмер жана камкор Альбина эми өзүнүн бардык түйшүгүн Лудвикага оодарып салды да, көзүнө көрүнгөн нерсени телмире тиктеген калыбында бир нече саат кол куушуруп олтура берет, кээде ыргып турат да өзүнүн эки киши айланбаган бөлмөсүнө кирип кетет, күйөөсүнүн жана Лудвиканын соороткон сөздөрүнө жооп кайтарбай, мени жалгыз калтырып, нары баргылачы дегенсип баш чайкап коюп гана бышактап ыйлап олтура берет.

Жайында балдарынын мүрзөсүнө барып, өткөндөгүлөрдү эстеп, келечекте боло тургандарды көз алдына элестетет да, жүрөгүн канталатып олтура берет. Эгерде шаарда жашасак, медициналык жардам көрсөтүлүп, балдардын тирүү калышы мүмкүн эле деген ой аны өзгөчө кыйнады. «Эмне үчүн? Эмне үчүн? — деп ойлойт ал. — Юзек да мен да — экөөбүз тең эч кимден эч нерсе сурабайбыз, болгону туулган соң Юзектин ата-бабаларына окшоп жашаганы, а мага болсо аны менен бирге жашап, аны сүйгөнүм, кичинекей чүрпөлөрүмдү алпештегеним, аларды тарбиялаганым матал».

— Аңгыча аны кыйнашты, сүргүнгө айдашты, а менин болсо дүйнөдөгү кымбат нерсемди тартып алышты. Эмне үчүн? Кайсы жазыгым үчүн? — бул суроону ал адамдарга да, кудайга да берип көрдү. Бирок кайтарылуучу кандайдыр бир жоопту көз алдына элестете албады. Ал эми мындай жоопсуз жашоо да жок эле. Ошентип анын жашоосу токтоду. Мурда Альбина өзүнүн аялдык татымы жана келбети менен көркүнө чыгарып келген сүргүндөгү кунарсыз турмуш эми жалгыз гана Альбинага эмес, ал деп жапа чеккен, ага кантип жардам берерди билбей, абдыраган Мигурскийге да өтө сор болду.

## VII

Мигурскийлер мына ушундай оор күндү баштарынан өткөрүп жагышкан кезде Сибирде сүргүндө жүргөн кезинде Сироцинский тарабынан уюштурулган кыжырдануунун жана качып чыгуунун улуу планына аралашкан Росоловский Уральскиге келди.

Поляк болуп туулуп, поляк бойдон жашагылары келишкендиктери үчүн Сибирге сүргүнгө айдалуу жазасына кириптер болгон дал Мигурскийге, миңдеген адамдарга окшоп, Росоловский да ал ишке аралашкандыгы үчүн балак урулуп, Мигурский кызмат өтөп жүргөн батальонго солдаттыкка жөнөтүлгөн. Мурда математика сабагынан мугалим болуп жүргөн Росоловский узун бойлуу, бүкүрүрөөк, жаак эттери шимилип, чекеси тырышкан арык адам.

Келген күнү кечинде Мигурскийдин үйүндө чай ичип олтуруп, Росоловский эмне үчүн мынчалык аёосуз жазалангандыгын токтоо чыккан коңур үнү менен баяндай баштады. Иш мындай болуптур: Сироцинский бүткүл Сибир боюнча жашыруун уюм уюштуруптур, анын максаты казактардын жана линиялык полкторго жиберилген поляктардын жардамы менен солдаттардын жана каторгада жүргөндөрдүн козголоңун уюштуруп, көчүрүлүп жиберилгендерди көтөрүү, Омскиде артиллерияны ээлеп алып, бардыгын бошотуу экен.

www.bizdin.kg

— Ал ишке ашышы мүмкүн беле? — деп сурады Мигурский.

— Абдан мүмкүн болучу, бардыгы даяр эле,— деди Росоловский түнөрө кабак чытып, анан боштондукка чыгаруунун бүткүл планын, иштин ийгилиги үчүн, кокусунан оңунан чыкпай калса, заговорчуларды куткарып кетүү үчүн көрүлгөн бардык чараларды жайбаракат айта баштады. Эгерде эки бузуку болбогондо ийгилик кадиксиз эле. Росоловскийдин айтымына караганда, Сироцинский гениалдуу жана жалтануу дегенди билбеген адам экен. Канчалык кыйнашса да ал баатырдык менен өлүптүр. Анан Росоловский жазалоонун майда-чүйдөсүнөн бери терип-тепчип бир калыпта баяндай баштады, жазалоонун мезгилинде бул иши боюнча соттолгондорго кошулуп Росоловский да катышып олтурсун деп чоңдор буйрук беришиптир.

Эки батальон солдат узатасынан тизилип турушту, ар бир солдаттын колунда мылтыктын оозуна үчөө зорго баткыдай кылып бекитилген үлгүдөгү таяктар. Доктор Шакальскийди биринчи алып келишти. Аны эки солдат айдап келе жатты, ал эми колдоруна таяк кармаган солдаттар ал катарлаша түшкөндө жылаңач жонго чапылдата тартып-тартып жиберишет. Мен муну жакын келгенде көрдүм. Ага чейин барабандын үнүнөн башка эч нерсе угулган эмес, анан таяктын зуулдап келип денеге чыпылдап тийген үнү угула баштаганда анын жакын келип калганын билдим. Солдаттар чыпылдатып сабап жатышты, таяк тийген сайын ал селт-селт этет, башын бирде оңго, бирде солго бурат. Биздин жаныбыздан айдап бара жатышканда орус врачынын солдаттарга: «Акырын чапкыла, аягыла» деп айтканын уктум. Экинчи ирет жанымдан алып өтүштү, врачтын айтканына болбой, солдаттарды аябай сабай беришти, анын өзү басууга дарманы калбаптыр, сүйрөп баратышты. Ал бечаранын жонун дит багып карай албадым. Көзүмдү жуумп жибердим. Сулк жыгылды, көтөрүп алып кетишти. Анан экинчисин, үчүнчүсүн, төртүнчүсүн айдап өтүштү, бардыгы сулк жыгылышты, бардыгын көтөрүп алып кетишти, бири өлүп тынса, экинчилери чала жан, биз буларды көрүп турууга тийиш элек. Бул алты саатка — таң эртеңден баштап, түшкү экиге чейин созулду. Эң артында Сироцинскийдин өзүн алып келишти. Аны көрбөгөнүмө көп болгон, таанымбай калмак экемин, абдан картайыптыр. Сакал, муруту кырылып бүтүндөй бырыш баскан бети көгүш тартып турат, Жылаңач денесинде кайырмакка илер эт жок, сап сары, ичи-ичине катып, кабыргалары каркаят. Ал да таяк тийген сайын тигилерге окшоп селт-селт этип, башын чулгуп коюп, бирок онтобой, үнүн бийик чыгарып, келме келтирип жатты.

— Өз кулагым менен уктум,— Росоловский мууна түштү, оозун жаап, мурдун быш-быш тартты.

— Терезенин түбүндө олтурган Лудвика жоолугу менен бетин басып алып шолоктоп ыйлады.

— Неге мынчалык сүрөттөдүңүз экен! Жырткыч деген жырткыч да! — Мигурский канжасын таштап жиберип, ордунан ыргып турду да ылдамдай басып, караңгы бөлмөгө кирип кетти. Альбина караңгы бурчка тигилген бойдон, былк этпей олтура берди.

## VIII

Эртеси Мигурский сабактан келип, аялынын түрүнө аябай таң калды, ал мурдакысындай шыпылдай басып, күйөөсүн жайдары тосуп алды, уктоочу бөлмөгө ээрчитип барды.

— Кана, Юзе, менин сөзүмдү ук.

— Угайын ал кандай сөз?

— Росоловскийдин айткандары жөнүндө таң аткыча ойлонуп чыктым. Анан мындай чечимге келдим: минтип жашай албайм, бул жерде жашабайм. Анте албайм. Өлсөм өлөрмүн, бирок бул жерде калбайм.

Анда эмне кылуу керек?

— Качуу керек!

— Качуу керек? Кантип?

— Мен бардыгын ойлонуштурдум. Угуп тур,— анан ал түндө ойлоп тапкан планын айта баштады. Ал план мындай экен: Мигурский кечинде үйүнөн чыгып кетет да, Уралдын жээгине өз шинелин чечип таштайт, анын үстүндө өз өмүрүмдү өзүм кыйдым деп жазылган кат болот. Сууга чөгүп өлгөн экен деп түшүнүшөт. Өлүктү издей башташат, туш-тушка кат жөнөтүшөт. Өзү болсо жашынып жата берет. Альбина аны эч бир жан тапкыстай кылып жашырат. Ушинтип бир ай жашоого болот. Ал эми окуя бас-бас болгон кезде качып кетишет.

Аялынын бул амалы адегенде Мигурскийге ишке ашпоочудай көрүндү, бирок Альбина кызуулана да, ишенимдүү да сүйлөдү, акыры кечке жуук Мигурский муюша баштады, Мындан тышкары, анын муюша тургандыгынын дагы бир жүйөөсү бар эле: эгерде колго түшүп кала турган болсо Росоловский айткан дал ошол жазаны тартмак, ал эми качып кутулуп кетсе, анда балдары өлгөндөн кийин бул жерде аргасы жок жашап жүргөн Альбинаны азаптан арылтмак.

Бул пикир Росоловекий менен Лудвикага айтылды, узакка созулган кеңешмеден, өзгөртүүлөрдөн, түзөтүүлөрдөн кийин качуунун планы иштелип чыгылды. Адегенде мындайча жасамак болушту: сууга чөгүп өлдү деп таанылгандан кийин Мигурский жалгыз жөө качат. Альбина болсо экипаж менен чыгат да шартташкан жерде аны тосуп алат. Биринчи план ушундай. Бирок Росоловский кийинки беш жылдын ичинде Сибирден качууга жасаган аракеттеринин бири да оңунан чыкпагандыгын айтканда (бул убактын ичинде бир гана адам качып кутулуп кеткен), Альбина башка планды сунуш кылды — экипаждын ичине жашырылган Юзе Альбина менен Лудвнкага кошулуп Саратовго чейин барат. Саратовдо которуп башка кийим киет да, Волганы бойлоп төмөн карай жөнөйт. Альбина болсо Саратовдо кайык жалдайт, белгиленген жерге жеткенде кайыкка түшүп, Альбина менен Лудвика үчөө Волга менен Астраханга жетишет да, Каспий деңизи аркылуу Персияга өтүп кетишет. Бул планды бардыгы жактырышты, негизинен иштин демилгечиси Росоловскийге жакты, бирок экипажда начальниктердин көңүлүн өзүнө бурбай турган жай жасоо кыйын болду. Күндөрдүн биринде Альбина балдарынын бейит башына барын келип, чүрпөлөрүмдүн сөөгүн канткенде бөтөн өлкөгө таштап кете алар экенмин деп каңырыгы түтөдү. Росоловский ойлонуп туруп мындай деди:

— Балдарыңыздын табытын ала кетүү жөнүндө начальниктерден сурасаңыз уруксат беришет.

— Жок, анте албайм, анте албайм! — деди Альбина.

— Сураңыз. Ошондо иш оңдой берди болот. Табыттарды албайбыз, аларга деп чоң ящик жасайбыз да, анын ичине Юзекту жаткырабыз.

Альбина адегенде бул сунушту четке какты: балдарынын татынакай элестерин жалган иш менен байланыштыргысы келбеди, бирок бул долбоорду Мигурский жайдарылана туруп жактырды. Альбина да макул.

Мына ошентип акыры план иштелип чыгылды: сууга чөгүп өлдү деп ынандыруу үчүн Мигурский бардыгын жасайт. Анын өлгөндүгү ырас деп табылгандан кийин Альбина күйөөм сууга чөгүп өлдү, мекениме кайтайын жана балдарымдын сөөгүн да ала кетейин деп уруксат сурап кайрылат. Уруксат берилген кезде алдамчы көрүнүш пайда болот: мүрзөлөр казылып, табыттар сыртка алынып чыгат, бирок алар ошол жерде калтырылат да алиги жаңы жасалган ящиктин ичине Мигурский жаткырылат. Ящик тарантаска салынып, ошол калыбында Саратовго жетишет. Саратовдон алар кайыкка минишет. Кайыкта Юзе ящиктин ичинен чыгат, анан Каспий деңизинде сүзүп жөнөшөт. Андан ары Персня же Турция, ошентип эркиндик.

## IX

Мигурскийлер Лудвиканы жөнөтөбүз деген шылтоо менен адегенде тарантас сатып алышты. Анан тарантастын ичине төрт бүктөлсө да тумчукпай жата ала турган, керек маалда эч кимге байкалбай шып чыгып-кирип турууга мүмкүн болгон ящик жасай башташты.

Альбина, Росоловский жана Мигурский үчөөлөп ойлоштуруп олтуруп, ящик жасай башташты. Росоловскийдин жардамы өзгөчө маанилүү болду, ал мыкты жыгач уста эле. Ящик жасалып да бүттү, арабанын чүмбөтүнүн арт жагына такай бекитилди, ящиктин чүмбөт жаккы капталы ачылып кетет, ошондуктан ал капталын алып таштаса, адамдын бир жак ыптасы ящиктин, экинчи ыптасы тарантастын ичинде калат. Андан тышкары, аба кирип турсун үчүн көзөнөктөрдү жасашты, үстүнөн да капталдарынан да ящик жөкө менен капталып, аркан менен таңылып ташталмак.

Тарантас менен ящик даяр болгон соң, күйөөсү жоголо электе эле, Альбина начальниктерди бышы кулак кылып коймок болуп, полковникке барды да күйөөм асан кайгычыл болуп кетти, өлмөкчү болуп жулкунду, корком, аны убактысынча коё берсеңиздер экен деп өтүндү. Анын драматургиялык искусствого болгон жөндөмдүүлүгү ишке бир жарап кетти. Күйөөсүнүн айынан сарсанаа тартып, чочулап жүргөндүгүн ушунчалык ишенимдүү айтты дейсиң, тим эле полковниктин сезими козголуп, колунан келгендин бардыгын иштөөгө убадасын берди. Мына ушундан кийин Мигурский кат жазууга киришти, ал Уралдын жээгинде калтырыла турган шинелинин абшлагынан табылууга тийиш, ошентип белгиленген күнү кечинде ал Уралды карай жөнөдү, түн киргенче күттү кийимин, обшлагына кат катылган шинелин жээкке таштады да, өзү үйүнө жашыруун кайтты. Үйдүн кулпу салынуучу чатырында ага жай жасалган. Альбина баргын да, Мигурскийдин мындан жыйырма саат мурда үйдөн чыгып кеткен бойдон кайра кайтпагандыгын билдиргин деп, түн ичинде Лудвиканы полковникке жиберди. Эртең менен колуна күйөөсүнүн катын карматышты, ыңдыны өчүп, айласы куругансыган Альбина шолоктоп ыйлаган бойдон аны полковникке алып барып берди.

Бир жумадан кийин аз мекенине кетүүгө уруксат кат жазды. Мигурскаянын тарткан кангысы көргөндөрдү бүт абдыратты. Балдарынан, күйөөсүнөн ажыраган бактысыз аялга боорлору ооруду. Кайтууга уруксат берилгенде балдарымдын мүрзөлөрүн ачып, сөөктөрүн кошо ала кетүүгө мүмкүнчүлүк бергиле деп экинчи өтүнүч менен кайрылды.

Башкаруучулар ушул сентименталдуулукка таң калышты, бирок буга да уруксат беришти.

Буга да уруксат берилген күндүн эртеси күнү кечинде Росоловский Альбина менен Лудвиканы ээрчитип балдардын табыттары салынуучу ящикти жалданма арабага жүктөп, көрүстөнгө, балдардын мүрзөлөрүнө келди. Альбина балдарынын мүрзөлөрүнүн жанына тизелеп олтурду, чокунду да, кайра тура калды, анан башын шылкыйтып, Росоловскийге кайрылды:

— Айтканыңызды жасай бериңиз.

Росоловский менен Лудвика мүрзөнүн үстүндөгү ташты жылдырып, мүрзө ачылган экен деп ойлошсун үчүн анын үйүлгөн топурагын күрөктөй башташты. Бардыгы даяр болгон кезде Альбинаны чакырып алышты да, топурак толтурулган ящикти жүктөп, үйлөрүн карай жөнөштү.

Жолго чыга турган күн калды. Росоловский негизинен акыр аягына чейин жеткирген иштин ийгилигине кубанды, Лудвика өзүнүн жакшы көргөн «jak mame Kocham» деген лакабын кайра-кайра кайталап коюп, жолго печенье жана пирожок бышырып жүрдү, бир эсе коркунучтан, бир эсе кубанычтан улам жүрөгүм жарылчудай болуп жатат дейт. Мигурский бир айдан ашык камалып жаткан чатырынан кутулганына, баарыдан да Альбинанын көңүлү көтөрүлүп, ажары ачылганына кубанды. Анын бардык муң зарды, бардык коркунучту унутуп койгонсуган түрү бар, баягы кыз кезиндегиге окшоп, чатырга чуркап келет да бажырая күлмүңдөйт.

Жеткирип коймокчу болуп, арабакечти ээрчитип, үч атты жетелеп, казак таңкы үчтө келди, Альбина, Лудвика жана ити үчөө тарантастын килем жабылган жаздыктарына олтурушту. Казак менен арабакеч тарантастын алды жагынан орун алышты. Дыйкандарча кийиндирилген Мигурский тарантастын чүмбөтүнүн ичинде жатты.

Шаардан чыгышты. жулкунган үч ат тарантастын уч-кыйры көрүнбөгөн, айдалбай кысыр калып, күмүш сымалданган былтыркы көдөө баскан талаанын ортосунда созулуп жаткан

күзгүдөй жол менен алын жөнөдү.

## X

Үмүттөн улам, кубанычтан улам Альбинанын жүрөгү сокпой токтоп калгансыды. Өзүнүн сезимин тең бөлүштүргүсү келип, ал анда-санда Лудвикага бирде тарантастын алды жагында олтурган казактын жазы далысын, бирде тарантастын түбүн баш жаңсап көрсөтүп коёт. Лудвика койкоё тартып алды жакты телмире тиктейт, анда-санда гана кабак чытып коёт. Күн чайыттай ачык. Айланада эртең мененки күндүн кыйгач тийген нуруна күмүштөй чагылышкан көдөө баскан мейкин талаа созулуп жатат. Желдей сызган башкыр аттарынын такасын туяктары тийген сайын тарсылдаган даңгыр жолдун бирде оң, бирде сол жээгинен сары чычкан түрткөн топурактар, анан чочоюп күзөттө олтурган, жакындап келе жаткан коркунучтан кабар берип, кулак тундура ышкырып, өз ийнине кире качкан макулуктар гана көрүнө калып жатты. Анда-санда буудай жүктөлгөн арабалар же атчан башкырлар кезиге калышат, аларга казак татар тилинде бак-бак үн катып калат. Ар бир станцияда ат которулуп турду, аракка деп Альбина берген элүү тыйындыктар арабакечтерди фельдегерлерден бетер куюндатты.

Биринчи станцияда мурдакы арабакеч аттарды жетелеп кетип, казак короого киргенде Альбина эңкейип, күйөөсүнөн кандай жатасың, эмне керек,— деп сурады.

— Эң сонун, ойдогудай тынч. Эч нерсенин кереги жок. Эки сутка болсо да кебелбей жата берем.

Иңирде Дергачи деген чоң кыштакка келишти. Күйөөсү дене-башын жазып, эс алып алсын үчүн Альбина почтолук үйгө эмес, кербен сарайга токтоду да, сүт, жумуртка сатып кел деп акча берип казакты дароо жөнөтүп жиберди. Тарантас бастырманын алдында турду. Короонун ичи караңгы, казакты Лудвикага каратып коюп, Альбина күйөөсүн сыртка чыгарды, тамак берди, казак кайтып келгиче аны өзүнүн жашыруун жайына кайра киргизип койду. Казакты кайра артка жиберди, анан жөнөп кетишти. Улам барган сайын Альбинанын кубанычы артып, көңүлү көтөрүлө берди. Анын Лудвика, казак жана Трезорка үчөөнөн бөлөк сүйлөшөөр адамы жок, аларды эрмек кылып келет. Эркектер менен беттеше түшкөндө мына бу эркек мени сүйүп калды окшойт, деп анын көз карашынан шек туудура койчу адаты бар, өңү серт Лудвика бул жолу дал ошол күдүктү өзүлөрүн узатып бара жаткан, жөнөкөйлүгү жана ашкан жароокерлиги менен аялдардын экөөнө тең өзгөчө жаккан укмуштуудай тунук жана мээримдүү көк көзү бар, лакыйган, кең пейил уралдык казакка оодара салды. Отургучтун астын жыттагылаба дегенсип, Трезоркага сөөмөйүн кезеп коюп, Альбина эми Лудвиканы жана анын чөк сала олтуруп, табышмактуу ойсоңдошунан шек албай, кандай сөз айтылса да чын көңүлдөн жылмайган казакты эрмектей баштады. Нары коркунучтан, нары ишке аша баштаган ийгиликтен, кереметтүү аба ырайынан, нары талаа абасынан улам делөөрүгөн Альбина көптөн бери унут калган балалык шаттыгына кайра кабылды. Мигурский аялынын шайыр чыккан сөздөрүн угуп жатты, өзүнүн жашырып айтпаган оор абалына — аябай ысып, тили катып суусаганына карабай, өзүн унутуп коюп, ал кубанса кошо кубанды.

Эртеси күнү кечинде туман арасынан караан көрүнө баштады. Ал Саратов менен Волга. Талаада көп жүрүп, көзү канык казак Волганы да, мачталарды да көрө койду, Лудвикага көрсөттү. Мен да көрдүм деди Лудвика. Бирок Альбина эч ажырата тааный албады. Күйөөсү уксун үчүн атайылап эле бек-бек үн катты:

— Саратов, Волга,— Трезор менен сүйлөшүп жаткансып, Альбина көргөндөрүн күйөөсүнө айта баштады.

## XI

Альбина Саратовго кирбей, Волганын сол жээгине, шаардын өпкө тушундагы Покровка

www.bizdin.kg

слободасына токтоду. Бул жерде ал түн ичинде эптеп күйөөм менен сүйлөшөөрмүн, ал гана турсун ящиктен чыгарып алармын деп үмүттөнгөн. Бирок казак жазгы кыска түндө тарантастын жанынан кетпей койду, бастырманын астында бош турган арабанын үстүнө олтуруп алды. Альбинанын буйругу боюнча Лудвика тарантастын ичинде олтурду, казак менин айымдан тарантастын жанынан кылчактап кете албай жатат деп бек ишенген Лудвика көзүн кысты, күлдү, чаар бетин жоолугу менен жапты. Бирок мындан эч нерсе чыкпасын байкаган Альбина казактын тарантастын жанынан кетпей эмне үчүн көшөрүп олтуруп алгандыгын түшүнбөй, тынчсыздана баштады.

Альбина кербен сарайдан чыгып, каңырсып мурун жарган галереянын жанынан арткы крыльцого бир тутам кыска түндө нечен курдай барды. Казак алп ойго, буттарын салаңдатып коюп, тарантастын жанындагы бош арабанын үстүндө олтурат. Короодогу короздор үн алыша чакырышып, таң агарып келе жаткан кезде гана Альбина төмөн түшүп келип, күйөөсү менен сүйлөшүүгө мүмкүндүк алды. Казак арабанын үстүндө коңурук тартып жатты. Ал жыла басып тарантастын жанына келди да ящикти түрттү.

— Юзе! — жооп болбоду. — Юзе, Юзе! — чочулап үнүн бегирээк чыгарды.

— Эмне болду, жаркыным, эмне болду? — Мигурский ящиктин ичинен уйкулуу үн катты.

— Неге жооп бербедиң?

— Уктап жаткам,— анын жылмайганы үнүнөн сезилип турду. — Эмне чыгайынбы? — деп сурады ал.

— Болбойт, казак бул жерде,— ушуну айтты да арабанын үстүндө уктап жаткан казакты карады; мына кызык, казак коңурук тартып жатат, бирок көздөрү мээримдүү көк көздөрү ачык. Казак Альбинаны карап жатат, көздөрү анын көздөрүнө чагылыша түшкөндө гана жуумп алды.

«Мага ошондой көрүндүбү же ал чын эле уктабай жатканбы?— Альбина өзүнө өзү суроо узатты. — Ырас эле мага ошондой көрүндү»,— деп ойлоду, анан күйөөсүнө кайра кайрылды.

— Дагы бир аз чыдай тур,— деди ал. — Курсагың ачтыбы?

— Жок. Чылым чекким келип жатат.

Альбина казакты кайра карады. Ал уктап жатат.

«Мага ошондой көрүнгөн тура»,— деп ойлоду ал.

— Мен эми губернаторго барам.

— Жолун болсун...

Ошентип, Альбина чемодандан көйнөгүн алып чыкты да, бөлмөгө барып которуп кийинди.

Альбина өзүнүн жакшы көргөн кар көйнөгүн кийип, Волганын наркы өйүзүнө өттү. Жээктен арабакеч жалдады да, губернаторду карай жөнөдү. Губернатор кабыл алды. Татынакай, сүйкүмдүү жылмайган, француз тилинде эң сонун сүйлөгөн жесир полька жаш көрүнгүсү келген абышка губернаторго аябай жакты. Губернатор анын айткандарын толук орундатты, эртең да келиңиз, Царицындын шаар башчысына буйрук жазып берейин деди. Бир жагы өтүнүчтөрүнүн ийгилигине кубанса, бир жагы өзүнүн адамды суктандырган келбетине ыраазы (муну губернатордун манерасынан баамдады) Альбина бакытка магдырап, үмүткө толуп, пристанды көздөй кеткен кара жол менен эңиштеп кайтып келе жатты, Аркан бою көтөрүлгөн күн нуру ашып-ташкан суу бетиндеги чыбырчыктарда ойнойт. Тоонун оң-сол бетинде ак булутка окшоп, алма буруксуп гүл ачат. Жээкте мачталар жабалакташат, күн нуру ойноп, желден улам чыбырчыктагы суу бетинде парустар үлпүлдөшөт. Альбина пристанда арабакеч менен сүйлөшүп, Астраханга чейин кайык жалдоого болобу деп сурады эле ондогон шайыр кайыкчылар чуулдап коё беришти, ага өз кызматтарын жана кайыктарын сунуш кылды. Ал өзүнө жаккан кайыкчылардын бири менен сөз бекитти да, пристанда турган кайыкты көрмөкчү болуп жөнөдү. Кайыктын парустуу чакан мачтасы бар экен, демек шамал менен кете берсе болот. Ал эми шамалсыз күндөрдө калактар бар, кайыктын ичинде күнгө какталып, албансубандай болгон эки шайыр бурлак-калакчы олтурат. Ак көңүл лоцман тарантасты

таштабагыла, дөңгөлөктөрүн чыгарып кайыкка салып алабыз деп кеңеш берди. «Туптуура батат, өзүңүздөр да тынчыраак олтурасыздар. Кудай күндүн ачык-жарыгынан берсе, беш күн чамасында дөңгөлөнүп-тумаланып Астраханга кирип барып калабыз».

Альбина кайыкчы менен бааны бычты да, тарантасты көрүп задатка алуу үчүн аны Покровка слободасындагы Логинов кербен сарайына келиңиз деди. Бардык иш өзү күткөндөн артык болду. Альбина Волгадан бакытка тунуп, кубанычтуу өттү, арабакеч менен эсептешти да кербен сарайды карай бет алды.

## XII

Казак Данило Лифанов Общий Сырттагы Стрелецкий Уметинен болучу. Ал отуз төрт жашта, өзүнүн казактык кызматынын акыркы айын өтөп жаткан. Анын үй-бүлөсүндө али да Пугачевду унута элек токсон жаштагы чоң атасы, эки бир тууганы, эски динге ишенгендиги үчүн Сибирге каторгага айдалган агасынын аялы, анан өз аялы, эки кыз, эки уулу бар. Атасы француздар менен болгон согушта өлгөн. Үйдөгү баш-көз болор адам өзү. Алардын он алты аты, төрт өгүзү бар, он беш сотых жер айдап, буудай сээп алышат. Өзү Оренбургда, Казанда кызмат өтөгөн, эми мөөнөтүнүн акырын бул жерде өтөп жатат. Ал эски динди катуу кармаган адам: тамеки тартпайт, ичкиликке жок, адамдар менен бир табактан оокат ичпейт, антты да ошондой бек тутат. Ал өзүнүн бардык ишин жай, бирок ойдогудай так бүтүрөт, начальниктин тапшырмасына бүт дитин коёт, ишке ашмайынча аны бир да минута эсинен чыгарбайт. Тарантасына табыт салынган эки поляк аялды Саратовго жеткиресиң, жолдо алар кырсыкка учурабай турган болушсун, бейкапар сапар чегишсин, эч кандай шок-шайтандык кылышпасын, анан Саратовго жеткенде кылтың-мылтыңы жок начальниктердин колуна салып бересиң деп буйрушту ага. Аларды кучугу, табыты менен кошо: Саратовго айткандай жеткирди. Катындар момун, сүйкүмдүү немелер экен; поляк болушса да эч кандай шойкум көрсөтүшпөдү. Бирок Покровка слободасына жеткен күнү кечинде ал тарантастын жанынан -өтүп бара жатып муну байкап калды: күчүк тарантастын ичине секирип түштү да, куйругун шыйпаңдатып, кыңшылай баштады, тарантастын отургучунун алдынан кимдир бирөөнүн үнү чыккандай болду. Поляк аялдарынын бири, улгайып калганы, тарантастын ичиндеги күчүктү көрө коюп, эмнегедир коркуп кетти.

«Мында бир мандем бар» — казак ушинтип ойлоду, аңдый баштады. Жаш поляк аял түн ичинде тарантастын жанына келгенде ал уктамыш болуп жатып калды, ящиктин ичинен эркектин үнүн даана укту. Таң эртең менен полицияга барды да мага тапшырылган аялдардын ниети бузук ящиктин ичинде өлүк эмес эле тирүү адамды салып баратышат деп айтып койду.

Мына эми бардыгы бүттү, бир нече күндөн кийин эркиндик колубузга тиет деп кубанычы койнуна батпаган Альбина кербен сарайга келсе жанына кошкону так түйүлүп жулкунган чүрөктөй эки ат, анан эки казак турган экен. Дарбазанын алдында котологон эл моюндарын созуп, короонун ичин карашат.

Үмүткө, энергияга карк болгон аял тиги эки казакты жана топураган элди капарына албады. Ал короого кирди да өзүнүн тарантасы турган бастырманын астына көз чаптырды, тарантасынын айланасы топураган эл, Трезорка безеленип үрүп жатат. Болор иш болгон экен. Тарантастын маңдай жагында топчулары менен погондору күнгө чагылышкан таптаза мундир тагынган лак жабылган өтүк кийген кара бакенбардалуу адам кирилдеген үнү менен бек-бек өкүм сүйлөп жатат. Анын бет маңдайындагы эки солдаттын ортосунда дыйкандарча кийинген, чачышкан чачын самын ширеген анын Юзесу турат, айланасындагы болуп жаткандарга таңдангансып кере кучак далысын улам көтөрүп, улам түшүрүп коёт. Ушу кырсыктын себепчиси өзү болгонун түшүнбөй, Трезорка жүнүн үрпөйтүп полицеймейстерге куру бекер ызылдап үрүп жатат. Альбинаны көрө коюп, Мигурский селт этип кетти, анын жанына бармак болду, бирок солдаттар кармап калышты.

— Эч нерсе эмес, Альбина, эч нерсе эмес,— деди Мигурский адатынча кыска жылмайып.

— А бийкечтин өзү да мына! — деди полицеймейстер.

— Бери келиңиз. Чүрпөлөрүңүздүн табыттарыбы? Ошондой эмеспи? — деди ал Мигурскийге көз кысып.

Альбина үн катпады, көкүрөгүн мыкчып, оозун ачып туруп калды, күйөөсүн элеңдей карады.

Жан чыгар алдында жалпы эле өмүрдөгү чечүүчү минуталарда болуп келгендей, Альбина көз ирмемде сансыз сезимди, сансыз ойду баамдап, электен өткөрдү, бирок маселенин түйүнүнө али түшүнө албады, кырсыкка кабылганына ишенбеди. Биринчи сезим ага алда качантан бери тааныш — ал орон. жапайы адамдардын алдында кор болгон баатыр күйөөсүн көргөндөгү маскараланган сыймык, күйөөсү азыр да ошол адамдардын бийлиги алдында турат. «Аны, эч теңдеши жок адамды өз бийлигинде кармоого алардын кандай акылары бар!» Буга кошулуп, аны кучагына алган экинчи сезим болсо ишке ашкан кырсыкты моюнга алгандык. Ал эми кырсыкты моюнга алгандык — өмүрдөгү башкы бактысыздыкты, балдарынын өлүмүн анын эсине салды. Ошол с ат мындан суроо туулду: Эмне үчүн? Эмне үчүн балдарынан айрылды? Ал эми эмне үчүн балдарынан айрылды? деген суроонун өзү анын сүйүктүү, теңдешсиз күйөөсү эми эмне үчүн өлөт, кыйноо тартат? деген суроону туудурду. Аңгыча күйөөсүн күтүп турган маскара жаза, бул ишке жалгыз өзү гана күнөөлү экендиги оюна кылт дей түштү.

— Бу сиздин кимиңиз? Күйөөңүзбү? — деп сурады полицеймейстер.

— Эмне үчүн? эмне үчүн? — ал ушинтип кыйкырып жиберди да эчкирип барып, тарантастын жанында жаткан ящикти кучактап жыгылды. Солкулдан ыйлап, жашы онталаа кеткен Лудвика анын жанына барды.

— Айым, сүйкүмдүү айым! Кудайым өзү сактасын, эч нерсе болбойт, эч нерсе? — деди Альбинанын жонунан сылагылап.

Мигурскийдин колуна кишен салып, сыртка айдап жөнөштү. Муну көрө коюп, Альбина алардын артынан чуркады.

— Кечир, кечир мени,— деди ал. — Баарын кылган мен! Жалгыз мен айыптуумун!

— Кимдин ак, кимдин кара экендигин тыякта териштиришет. Сизге да кезек келет,— полицеймейстер аны четке түртүп койду.

Мигурскийди өтмөктү карай алып жөнөштү, эмне үчүн экенин өзү да билбей, Лудвиканын айтканына да көнбөй, Альбина аларды ээрчип кете берди.

Казак Данило Лифанов бирде полицеймейстерди, бирде Альбинаны карал коюп, тарантастын дөңгөлөгүнүн жанында былк этпей тура берди.

Мигурскийди айдап кетишкенден кийин жалгыз калган Трезорка куйругун шыйпаңдатып, ага эркелей баштады. Жолдо келе жатканда ага үйүр алышып калган. Аңгыча казак башындагы шапкасын жулуп алып, аны күчүнүн бардыгынча жерге бир чапты, Трезорканы бутунан алып ыргытты да, ашкананы карай басты. Ашканадан ал арак сурады, күн-түнү ичти, болгон акчасын. үстүндөгү кийим-кечесин бүт ичип бүттү, анан эртеси күнү гана түн ичинде арыкта жаткан жеринен ойгонду, өзүн кыйнаган: поляк аялдын ящикте жаткан күйөөсү жөнүндө начальниктерге айтып барганым кандай иш? деген суроо туурасында ойлонбоону чечти. Мигурскийди соттоп, качкандыгы үчүн миң таяктын арасынан айдап өткөрүүгө өкүм чыгарышты. Анын туугандары жана Петербургда тааныштары бар Ванда эптеп жүрүп анын жазасын жеңилдеттириштти, ошентип ал түбөлүк Сибирге айдалды. Альбина артынан кошо кетти.

Николай Павлович болсо революциянын Польшада гана эмес бүткүл Европада талкалангандыгына сүйүндү, орус самодержавиесинин наркын бузбагандыгына жана орус элинин жыргалчылыгы үчүн Польшаны Россиянын бийлигинен чыгарбай сактап калгандыгына сыймыктанды. Ал эми жылдыз тагынгандар жана алтындалган мундирлери бар адамдар

падыша өлүп бара жатып да өзүнүн улуу адам экендигине жана өмүрү адамзат үчүн, өзгөчө орус эли үчүн улуу кенч болгонуна, алардын бузуктукка бет алууларына жана далдыроолоруна каршы бардык күчүн аябагандыгына чын ниеттен ишенгендиги үчүн жерге сууга тийгизбей макташты.

www.bizdin.kg

**ЛЕВ НИКОЛАЕВИЧ ТОЛСТОЙ**
Рассказы

(*на киргизском языке*)

Фрунзе. Издательство «Мектеп»

Которгон **Э. Долонов**. Редактор **Ш. Келгенбаев**. Сүрөтчү **С. Асакеев**.
Көркөм редактор **К. Сейталиев.** Тех. ред. **Т. Борисенко**.
Корректор **Г. Айталиев.**

Терүүгө 19/1V 1978-ж. берилди. Басууга 18/Х 1978-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×108$^{1}/_{32}$, 6,875 физ. басма табак, +0,125 форзац, 9,62 шарттуу басма табак, +0,17 форзац, 9,76 учёттук басма табак, +0,3 форзац. Заказ № 314. Тиражы 24000. Мукабасыз баасы 83 т. Мукабасы 12 т.

72002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү. 102.
Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма полиграфия жана китеп соода иштер боюнча мамлекеттик комитетинин Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.